Кырг
О 99

*Өмүрбаев Майрамбек*

# СЕНДЕН БАШТАЛГАН ӨМҮР



„Манас“ окуу борборуна алган ийгиликтер болсун!

19.05.17.

Автор:



Майрамбек Өмүрбаев

# СЕНДЕН БАШТАЛГАН ӨМҮР

(Ырлар)



Бишкек – 2015

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Ө-99

Өмүрбаев Майрамбек
Ө-99 Сенден башталган өмүр. Ырлар: - Б.:
"Адем басма", 2015. - 64 б.

ISBN 978-9967-468-71-9

Китептин чыгышына демөөрчү болгон айылдаш агам Жунусов Алымбек Орокеевичке жана бир туугандарыма терең ыраазычылык билдирем.

Автор

Бул чакан ыр жыйнакта жаш акындын мекен, жашоо, сүйүү ж.б темадагы ырлары киргизилген. «Эл тараза, эл сынчы» демекчи, китеп жалпы окурмандарга арналат.

Ө 4702300200-15
УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

ISBN 978-9967-468-71-9
© Өмүрбаев М., 2014

# АЛГЫ СӨЗ

Арыбагыла, ардактуу окурмандар!!! Сиздин колуңузда турган бул китеп жаш чырпыктай жаңы калемгердин жалынга оролгон жандуу саптары камтылган жакшы жыйнак. Жалынга оролгон дегеним, жаштыктын жалындуу илеби, деми.

Майрамбек ырларын алып келип, китебине баш сөз жазып берүүмдү суранганда ыңгайсыз болдум.Себеби, бир адамдын бүтүндөй тагдырын, жашоосун, сүйүүсүн кантип таанып, кандай жыйынтык чыгара алам деп өтө көп ойлондум. Бир топ убакыт кармадым. Майрамбек деген жаш жигиттин майрамдай шаңдуу, бороондой бурганак жан дүйнөсүнө саякат жасап,андан маанилүү майнап чыгаруу кыйын. Кандай болгон күндө да, калемгердин ырлары кадимки тай күлүктөй төрт саптары төрт аяктай жерге жеңил

тийип, жел менен жарышчудай тыбырайт. Мындай дүбүрттү сезгенимде жердин түзүлүшү тегиз эмес экенин ойлоп, жанагы жаш туяктан чоочуйм. Оңурайган ойдуңдарды ойлойм. Туяктан чоң, муштумдай таштар, балчайган баткактар, жалтыраган муздар, дөңкөйгөн дөңдөр, өйдөлөгөн өрүлөр, жарылган жарлар көзгө элестейт. Жалтанам! Жан далбастап ар бир сөзүн алдына ала кооптонуп окуп олтуруп аягына чыктым.Акын көргөнүн жазып, сезгенин сүйлөйт. Делбирейт, демитет, дегдейт, дүбүртүн укпай учат. Уча берсин. Узакка учса экен деп тилейли. Кең келечек каалайлы. Үмүт жандырып, үзүрүн күтөлү!

Мирлан САМЫЙКОЖО

## 22демин...

Канчадасың...?
Келбетимден таап алгыла жашымды,
Көтөрөмүн тагдыр деген ташымды.
Канчалаган тажрыйба бар ким билет,
Чачсамбы дейм кээде туруп башымды.

Көптү көрдүм, мүмкүн көрө элекмин,
Калкым үчүн ойлойм мен да керекмин.
Кыргыз үчүн күйүп бышсам жан сабап,
Кудайымдан келген элге белекмин.

Жашмын деймин, кээде туруп ойлоном,
Жашоо, турмуш, тагдыр жээгин
бойлогом.
Жаштыгыма шылтап коюп бардыгын,
Жалын болуп чектен ашып тойлогом.

Акыл кирди. Азыр бир аз чоңойдум,
Асыл сөздүн терем гүлүн чоң ойдун.
Катаал курак көп нерседен жаңылтты,
Каталарым кеч болсо да оңдоймун.

Көөдөнүмдө бир аз бүтпөс жара бар,
Күйгөн жүрөк жалын отко барабар.
Жакшыны да, жаманды да тең көргөн,
Жыйырма экиде чала акын балаңар.

# СҮЙҮҮНҮН ЖАРЧЫСЫ АКЫНДАР

Сезим барда аалам жаңы, жер жаңы,
Даңазалап ырдап келем мен да аны.
Сүйүү өзү бул ааламда болбосо,
Жок болмоксуң анда такыр сен дагы.

Сезимдерден каректер да жашталат,
Наристенин кадамдары ташталат.
Бул дүйнөдө асылдардын бардыгы,
"Сүйүү"- деген сөздөр менен башталат.

Ыр өзөгү жаралгандыр термеде,
Ырларымды белек кылдым жергеме.
Жаштар үчүн "СҮЙҮҮ ГИМНИН" жазбасам,
Акындыгым анда менин эмнеде?

## РОБОТ КЫЗГА

Арзуум айтып, сени сүйүп калганым,
Көп ичинен жалгыз сени тандадым.
Эч сезимиң жок жалгандан сүйүпсүң,
А мен байкуш чындап күйүп алгамын.

Жалбарсам да, кыйналсам да сезбейсиң,
Жактырбайсың, күнөөлөйсүң, жектейсиң.
Шылдың кылып, күлө карап мыйыктаң,
Чын сүйүүдөн жалган жакка беттейсиң.

Жазап сени темир жүрөк салыптыр,
Бир сулуунун жүзүн алып тагыптыр.
Бут баарысы болгон менен ичинде,
Боор салууну унуткарып калыптыр.

Сенде жүрөк, сенде сезим жасалма,
Мендей болгон канча жигит катарда.
Ар биринен узап кетет экенсиң,
Арзуу балын мына-мына татаарда...

# АТАҢ КАНДАЙ БАКТЫЛУУ

Атаң кандай бактылуу!!!
Атырылып, удургуган сезимде,
Ашык болуп жаштык жалын кезинде,
Азыр баары турган чыгаар эсинде,
Ак сүйүүсүн айткан күндөр кечинде.

Атаң кандай бактылуу!!!
Арбалды да сага окшош апаңа,
Айыл чети жолугушчу жакада,
Келбей калса маанай чөгүп капада,
Кейип ичтен таарынчудур атаңа.

Атаң кандай бактылуу!!!
Сулуу кызга колу жетип үйлөнгөн,
Санаа тартып бөлөк жанды сүйбөгөн.
Азаптарды өз башына үйбөгөн,
Арман кылып бул жашоодо күйбөгөн.

Атаң кандай бактылуу!!!
Керек мен да купулуңа толушум,
Бирок билем жетүү үчүн жол узун.

# ДОКТУР МЕНЕН АКЫНЧЫЛЫК БИР КЕСИП

Ооруп калсаң күндөр такыр арыбайт,
Бул экөөнү укпагандар жарыбайт.
Доктур- деген ден- соолукту караса,
А акындар, жан-дүйнөнү дарылайт.

Өз жемиңди өзгөлөргө жегизбей,
Ден-соолукту, жан- дүйнөңдү тегиздей.
Экөөсү тең адамдарды дарылайт,
Ошондуктан бул кесиптер эгиздей.

## Б.....ГА

Мен өзүмдүн жүрөгүмө таң калам,
Бирди сүйбөй мынча неге сандалам.
Алдап көрүп, селкилерди арзытып,
А биринен кайра өзүм алданам.

Чегин билбей манчыркаган манаптай,
Дон Жуандай кыздын санын санатпай.
Кызыктырбай койгулачы сулуулар,
Кымбат баалуу, көркү укмуш манаттай.

Сен да сүйчү бирди эле жүрөгүм,
Тилиң алып, "бабник" болуп жүрөмүн.
Мындан кийин "Б"га гана байланып,
Өмүрүмдү аны менен сүрөмүн.

# КЕЧЕДЕГИ МАХАБАТ

Көз талдырган Үр кызындай нур кызбы,
Көктөн түшүп жаркып турган жылдызбы.
Топ сулуулар олтурса да кечеде,
Тамшанабыз карап алып бир кызды.

Билип турам досум ашык, мен ашык,
Боз балдардын бири калбай тең ашык.
Баарыбызга колун шилтеп кетсечи,
Бакыт өрүн сынасакпы тең ашып?

Орду менен айткан сөзүм жарашып,
Оң көз менен сол көз менен карашып.
Томоголоп эптеп туурга кондурсам,
Досторум да жүрүшкөнсүйт талашып.

Жылуу сөздүн баарын ага арнашып,
Жакыныраак отурууну самашып.
Тентек кыял кой дегенге болобу,
Телмиребиз, беш-алтыбыз жармашып.

Дидары жаз! Сөз сүйлөсө угумдуу,
Досторумдун оюю ага бурулду.
Эсептебей жүрөгүнүн боштугун,
Бош болбосо канча көңүл куруду.

## АЛМАНЫН БАЛАСЫмын

*(апам Алмабүбүгө арналат)*

Амал качып азапка малынганда,
Айла кетип тузакка чалынганда.
Калка болот акылың апакем ай,
Карегиме элесиң чагылганда.

Ката кетсе сүйгөн да таштап кетээр,
Каректерди көз жашка жаштап кетээр.
Оор убакка туш келип калса да апам,
Ошол кезди жакшыга баштап кетээр.

Эмгегиңди ырысым актаар бекем?
Эл ичинде кадырың сактаар бекем?
"Ал Алманын баласы"- дешип анан,
Айылдагы адамдар мактаар бекен?

Медер тутуп сен мени келесиң да,
Мээнет менен азапты жеңесиң да.
Миң түйшүктү сыр бербей көтөрөсүң,
Ошон үчүн энесиң, энесиң да.

# МЕНИН КИЧИНЕКЕЙ МАМЛЕКЕТИМ

Тиреөчүмсүң апаке барың багым,
Тайкем жүрөт колдоп эх, дайым, дайым.
Таеженем экинчи апам болуп,
Тай жактарга чукулмун каным,жаным.

Эжекеме эркелеп Чолпон деген,
Ээликме бир ак кол жан борпоң элем.
Бакыт байке өзүңдөн көптү билдим,
Бакай боорум жардамга дайым белен.

Эже, жезде, жеңеке, бөбөктөр бар,
Эбегейсиз зор менде жөлөктөр бар.
Туягымдан таш жанып учцай анан,
Тууган деген ушундай өнөктөр бар.

Өмүр тынбай канатын кага берсин,
Өмөровдор атыбыз кала берсин.

* * *

Ырларымда жалган сөздү айтпаймын,
Ыйман менен ар бир сабын маштаймын.
Аттанган соң акынчылык казатка,
Алдым туман, а артыма кайтпаймын.

## МАРШРУТКАДАГЫ СУЛУУГА

Күндө түшүп келчү жерге келебиз,
Кыймылдабай кыйла талып денебиз.
Амалы жок тыгылышып турсак да,
Айым түшсө орундукту беребиз.

Орун бердим. А чоң сумкам колумда,
"Оор го, балким"- деди сулуу оюнда.
"Бериңиз" - деп алып анан отурду,
Бах, чиркин эй! Мындай учур сонун да...

Ал аңгыча кыял кетти таралып,
Сумкам болуп кетким келди жаралып.
Ушул эле маршрутканы токтотпой,
Жалдап алып БАКЫТ ҮЙгө баралык.

Өчүргөндөй кыялдануу бактысын,
Өчөшкөндөй убакыт да шашты чын.
Кетти сулуу! Бирок, ага кез кылган,
Коомдук унаа сен чынында жакшысың...

№ 56761

# ЖҮРӨКТӨ КАЛГАН МИҢ ЫСЫМ

*(Калемдешим Б.Жамгырчиевдин "Жүрөктө калган бир ысым" деген ырына пародия)*

*(Дем берип жанга, күчөтүп күндүн жылышын,*
*Дүйнөмдү ээлеп, акылдан алып тымызын.*
*Душманга дагы багынбай турган жүрөктү,*
*Дүрбөлөң салып,багынтып алды бир ысым...)*

Күтөмүн сезим тоңсо да кайра жылышын,
Керек го эми бир нерсе айла кылышым.
Жүрөгүм менин калбырга чындап айланды,
Дүрбөлөң салып багынтып алды
миң ысым.

«Бабник» да болбой, бейкапар жүргөн
кезимде,
Акылдан алып, бүлүктү салды сезимге.
Бириңен-бириң ак куудай турсаң
керилип,
Азгырды жанды эртеби мейли кечинде.

Сүйүүлөр ташып, булактай болуп кайнады,
Колум да бутум, жиби жок сындуу
байланды.
Баарыңар бирдей, суйкайып эле турсаңар,
Сенделип анан тандоодон башым айланды.

Баарыңа сүйүүм жапжашыл болгон арчадай,
Сүрөмүн өмүр силерден кумар таркабай.
Ажалым жетип, акыркы саатым калганча,
Баарыңды сүйөм, сүйүүдөн турам чарчабай.

Карыган окшоймм, байкагын чеке
бырышын,
Бириңер эмес, баарыңар менин ырысым.
Жалпыңдын атың жаттап да жүрүп
карырмын,
Жүрөктө калды жүрөктү эзген миң ысым.

# ЖҮРӨКТӨ КАЛГАН МИҢ ЫСЫМ

*(Калемдешим Б.Жамгырчиевдин "Жүрөктө калган бир ысым" деген ырына пародия)*

*(Дем берип жанга, күчөтүп күндүн жылышын,*
*Дүйнөмдү ээлеп, акылдан алып тымызын.*
*Душманга дагы багынбай турган жүрөктү,*
*Дүрбөлөң салып,багынтып алды бир ысым...)*

Күтөмүн сезим тоңсо да кайра жылышын,
Керек го эми бир нерсе айла кылышым.
Жүрөгүм менин калбырга чындап айланды,
Дүрбөлөң салып багынтып алды
миң ысым.

«Бабник» да болбой, бейкапар жүргөн
кезимде,
Акылдан алып, бүлүктү салды сезимге.
Бириңен-бириң ак куудай турсаң
керилип,
Азгырды жанды эртеби мейли кечинде.

Сүйүүлөр ташып, булактай болуп кайнады,
Колум да бутум, жиби жок сындуу
байланды.
Баарыңар бирдей, суйкайып эле турсаңар,
Сенделип анан тандоодон башым айланды.

Баарыңа сүйүүм жапжашыл болгон арчадай,
Сүрөмүн өмүр силерден кумар таркабай.
Ажалым жетип, акыркы саатым калганча,
Баарыңды сүйөм, сүйүүдөн турам чарчабай.

Карыган окшойм, байкагын чеке
бырышын,
Бириңер эмес, баарыңар менин ырысым.
Жалпыңдын атың жаттап да жүрүп
карырмын,
Жүрөктө калды жүрөктү эзген миң ысым.

# ЧЫПАЛАКТАЙ БИР КЫЗГА

Эл айтмакчы экөөбүздүн боюбуз,
Бир сом менен элүү тыйын сыяктуу.
Ошентсе да, бир чыкканда оюбуз,
Жарашабыз обончудай кыяктуу.

Эки колуң бир колума тең келет,
Бут кийимиң меникинин жартысы.
А бирок да жан дүйнөсү кең келет,
Жүрөктөгү махабаттын жарчысы.

Аз болсо да окшошмун го акынга,
Ырым камдап ата-энеңе барсамбы?
Куда түшүп ушу сени жакында,
Чөнтөгүмө салып эле алсамбы?

# КЕЧИР АГАЙ, ЖАШООМ ЫРГА БАЙЛАНГАН

Группалаштар лекция жазса шашылып,
Ыр жазамын а мен болсо ашыгып.
Узун боюм кыскаларга катамын,
Мен көрүнбөй калуучудай жашынып.

Окутуучу мага жоктой көрүнүп,
Көөдөндөгү ойлор анан төгүлүп.
Бир бөлмөдө жалгыз өзүм калгансып,
Ыр көлүндө эркин сүзөм чөмүлүп.

"Көп окусаң акыл сага келет" деп,
Агай сабак түшүндүрсө безилдеп.
"Башкаларга окугула!"- а мага:
"Ыр жаза бер !"- деген сындуу сезилет.

Кечир мени, жашоом ырга байланган,
Кыялдардын мейкининде айланам.
"Бүгүн мейли, эртең жазбайм"- деп коюп,
Ар сабакта ыр жазамын кайрадан.

# СЕН АКЫРКЫ ЭМЕССИҢ

Мезгил өттү кербен болуп чубаган,
Мага берген кана сенин убадаң.
Макул болуп мамилеңе көп жолу,
Мен меңдигим үчүн гана чыдагам.

Тойбойт тура эч нерсеге көз деген,
Токтотпочу баардыгын сен сөз менен.
Бөлөк бирөө кыялыңа чыдабайт,
Бир жумага жетпешине сөз берем.

Ар бир жандын ченеп берет бактысын,
Ала бербе жүрөгүмдүн шаштысын.
Табалаба, өз жолуңда кете бер,
Таап аламын сенден дагы жакшысын.

# ТАШ ЖҮРӨК АДАМГА АЙЛАНДЫРБА

Утуп келип көптөгөн жарыштардан,
Биздин азыр марабыз алыс калган.
Ушунча көп эмгектин арты менен,
Болгум келбейт жөн гана тааныштардан.

Анан деги ойлорум кайда барат?
"Сүйөм"- десең жүрөгүм пайда табат.
"Болбойт болду!"- деп эгер чанып кетсең,
Анда менин эмгегим кайда калат?

Көңүлүмдү сөз менен ура көрбө,
Кетишиңди сен менден туура көрбө.
Мерездигиң өзүңдүн аз келгенсип,
Мени дагы таш жүрөк кыла көрбө.

## БИР ТУУГАНЫМ БАКАЙГА

Бул жашоодо Теңир берген белегим,
Апамдан соң ал экинчи тирегим.
Эки колдун бир муштуму мен болсом,
Бир муштуму сен экениң билемин.

Бирге жүрсөк элдин баары карашат,
Биздикиндей ынтымакты самашат.
Бир тууганбыз ошондуктан жашоодо,
Урушсак да, талашсак да жарашат.

Мага акыл берип турчу кендейсиң,
Түзөп, оңдоп мени дайым теңдейсиң.
Ушул бойдон бирге жүрүү максатта,
Эгиз кызга үйлөнөлү, не дейсиң...?

# КАЙНЕНЕМДИН КЫЗЫНА

Сүйүү деген узун-кыска жол тура,
Эс алабыз кээде тынып олтура.
Көтөрүлбө, кетип калуу оңой иш,
Кыздар деле сенден бөлөк толтура.

Кетсем эгер карегиңден жаш таммак,
"Сүйөм сени"- деп сезимиң актанмак.
А бирок да көңүлүмдү оорутуп,
Байлар сымал чирендиң го асмандап.

Көргөздүң да эл көрбөгөн жорукту,
"Кетпе андан"- деп акылым оолукту.
Жан дүйнөмө салып ийип алаамат,
Кайненемдин кызы жүрөк оорутту.

Кетпей эми сени менен калбасам,
Кыйнап мен да азаптарга салбасам.
Тунук сүйүү бар экенин далилдеп,
Так өзүңдү багындырып албасам.

# ЖЕРГЕ КИРСИН ЭРКЕГИНДИН ЭМГЕГИ

*(Жездем Шайлоого, эжем Розага жана эгиз кыздары Айжан менен Нуржанга арналат)*

Эжем төрөп сүйүндүрүп эгизди,
Эки колго алып анаң эмизди.
Ыйлай берет, чыр да салат, а бирок,
Ымыркайлар аруу, таза, эң изги.

Кичинелер- бакыт нурдун үрөөнү,
Көтөрөмүн ыйлап калса бирөөнү.
Байкатпастан жылт коёмун эшикке,
Башталганда улактардын сүрөөнү.

Үрөн себип койсок болду бир деги,
Баксак деген ойлор башка кирбеди.
А бирок да, бала багуу түйшүктүү,
Жерге кирсин эркегиндин эмгеги.

# ӨПСҮН МЕЙЛИ БААРЫ ТЕҢ

*(калемдешим М. Жангазиевдин "Өпсүн мейли энекең" деген ырына пародия )*

*(Бүт эркимди сага байлап койгондой,*
*Бир мүнөт да коё албаймын ойлонбой.*
*Азабымды билдиң бекен бул түндө,*
*Же уйкуда жатасыңбы ойгонбой...)*

Алдап эле жаза берем ойлонбой,
Аңдап, туюп, сезип, билип койгондой.
Смстин добушун да укпастан,
Сен уктадың, билем азыр ойгонбой.

Кеч болсо да эптеп анан күчтөнүп,
Ыр жиберсем ватсабыңдан үч бөлүп.
Соткаң менен кучакташып уктап сен,
Жаттың экен эмнелерди түш көрүп...?

Аябаса бирдигин да, күлкүсүн,
Анан жигит эмнеликтен чүнчүсүн.
Абайлаймын, арзуу сөздү аз айтам,
Апаң окуп алабы - деп түнкүсүн.

Билбейсиңер көңүлүмдүн чөккөнүн,
Ага неге ашык болуп көптөрүң.
Өзөгүмдү өрттөп кетет чын айтсам,
Угуп калсам башка бирөө өпкөнүн.

P.S.
Жүрөгүмө билсем кыздар дары экен,
Сүйүшкөнүм көп жигиттин зары экен.
Ак жоолукту салбай калдым башына,
Өпсө мейли, өбө берсин бары тең!

# САГА АРНАП ЫР ЖАЗЫП БҮТӨ ЭЛЕКТЕ

Кең сүйүүдөн сага ырым курагам,
"Кетем!"- десең эски тамдай урагам.
Сага арнаган ырды бүтүп алайын,
Сүйө турчу дагы бир аз суранам.

"Сүйбөйм сени"- деп кара көз жаңылба,
"Сүйөт мени "- деп жүргөмүн жанында.
Сени мага элестетип ар качан,
Сен кеткенде ырым калсын жанымда.

Кулагыма назик сөзүң шыбыра,
Күлүк аттай жеткиздирбей зымыра.
Азыр эптеп бүтөйүнчү ырымды,
Андан кийин төрт тарабың кыбыла.

# ЭТ ЭМЕС ЖЕ ЧЕЛ ЭМЕСБИЗ ЭКӨӨБҮЗ

Сүйүүдөгү эмне биздин күнөөбүз?
Сезимдерге мынча неге энөөбүз.
Элдей болуп кыз-жигитче жүрө албай,
Эт эмес же чел эмеспиз экөөбүз.

Сага деген махабатты жектеттиң,
"Сен"- деп жүрбөй бир сулууга жетмекмин.
Убайымга салып мынча кыйнабай,
Урушуп, кагып койсоң деле кетмекмин.

Билбейм деги эмнелерди ойлойсуң?
Жүрөк менен мышык- чычкан ойнойсуң.
Үмүтүмдү биротоло үзүп, же...
Барсам чыкпай, чалсам албай койбойсуң.

Кеч эместир азыр баарын айтууга,
Кумар отко кире электе кайтууга.
Өмүрүмдүн гүлү соолуй электе,
Өз сүйүүнду өзгөлөргө тартуула!

## УЗУН КӨЙНӨКЧӨН

Суктанышып көп жигиттер карашат,
Сендей кызга үйлөнсөк-деп самашат.
Улуулугун ыйманыңдын белгилеп,
Узун көйнөк сага абдан жарашат.

Сен жөнүндө жаман айткан курусун,
Уга бербе мааниси жок урушун.
Батыш туурап кийинишкен кыздардан,
Баамдай билсең канча эсе сулуусуң.

Жаш жигиттин болсоң эгер ардагы,
Жүрөктөрдө калбас чыгар арманы.
Жарчысы бол жалаң гана жакшынын,
Сени көрүп оңолушсун калганы.

# АЙЫЛДА СҮЙҮҮ УШУНДАЙ

Кечинде сага барчумун,
Жанында көпкө калчумун.
Көргөзбөй сени эч кимге,
Тонума катып алчумун.

Ойлорум онго бөлүнүп,
Жүзүңдөн нуруң төгүлүп.
Туруучу элек көчөдө,
Бир адамдай көрүнүп.

Көз салып кимдер карамак,
Сүйлөшсөк буктар тарамак.
Биздеги арзуу кептерден,
Бир чоң китеп жаралмак.

Кыштын бир суугун тоготпой,
Жүрөктөр болчу болоттой.
Баёолук менен сүйчүбүз,
Ал күндөр азыр жомоктой.

# КАТЫП АЛАМ ЖҮРӨГҮМДҮН ТҮБҮНӨ

Тажап жүргөм жалгыздыктын үйүнөн,
"Жарк"- деп мага чыкканында сүйүнгөм.
Тереңдиктин асылдыгын билдирип,
Сен жолуктуң болуп Көлдүн ТҮБҮНӨН.

Корксом дагы бул сүйүүнүн жүгүнөн,
Эргип кетем уксам назик үнүңөн.
Суранаарым сенден жалгыз бир гана,
Орун берчи жүрөгүңдүн ТҮБҮНӨН.

Көнүп барам бир өзүңө күнүгө,
Келин болуп келчи менин үйүмө.
Ат-Башынын суугу сени тоңдурбайт,
Катып алам жүрөгүмдүн ТҮБҮНӨ.

# АЙЫЛЫМА БАРГАНДА

Эс алууга келем жылда кышында,
Эх, чиркин ай, мына кызык ушунда.
Айыл жыты кандай сонун керемет,
Жада калса сагыныпмын ышын да.

Дайым дегдеп айылыма жүрөгүм,
Достор менен куунак өмүр сүрөмүн.
Шаардагыдай акчаларга байланбай,
Он сому жок көчө таптап жүрөмүн.

Борбор болсо машиналар сызмак да,
Бул тынчтыкты ар түркүн үн бузмак да.
А бул жакта мени бекер жеткирип,
Эки бутум маршруткадай кызматта.

Бокалдарга согубуздан толтуруп,
Жөө жомоктон айды көздөй жол куруп.
Сыр чечишип, кызуу маек курабыз,
"Ачык асман " кафесине олтуруп.

Кызыктыңбы? Тартынбастан кел сура,
Кең пейилдүү айылдыктар эр тура.
Жакшылыкка ортоқ болгон ар качан,
Жанга жагым, туулуп өскөн жер тура.

# ДОСУМДУН СҮЙҮКТҮҮСҮНӨ АШЫК БОЛУП

*(тамаша-чыны аралаш)*

Жүрөк турат эч бир жанды жолотпой,
Жакшы сөздү башкаларга коротпой.
Бир досумдун сүйгөнүнө ашыкмын,
Кең дүйнөдө андан башка кыз жоктой.

Көңүл көрксүз эч кими жок муз үйдөй,
Көкүрөккө азап-арман суз үйбөй.
Каарын төгүп: "Аны гана сүйгүн"- дейт,
Көкбет жүрөк сенден башка кыз сүйбөй.

Алдастаймын чаң-тополоң көөнүмдө,
Ашыгым ай, көздөрүмө көрүнбө.
Арзууларды улам -улам көбөйтүп,
Айтпачы дос өз сүйгөнүң жөнүндө.

Жамалыңды көрүү үчүн барсамбы?
Жүрөгүндө түбөлүккө калсамбы?
Көк сулууга берген шерттей аткарып,
Жеңижокчо ажыратып алсамбы?

# ООРУДУМ

Оорудум чын, оорудум го аябай,
Оор азапты көтөралбас баладай.
А сен болсо сезбегендей жүрөсүң,
Абалымды сураганга жарабай

Калмак балким бул илдетим жоголуп,
Келгенинде мойнума оролуп.
Кайненендей мээрим төгө албадың,
Кучактасаң кетээр белем оңолуп.

Көңүлүмдү түшүрүүдө жоругу,
Курган дартым улам мени тооруду.
Дарманымды сезе албадың садага,
Дарычалык басалбадың оорумду.

# АППАК КАРДАГЫ АРЗУУ

Жаш сезимдин бул албетте багы да,
Жан дүйнөмө аруулук сээп дагы да.
Билдиргендей ашыктыгым аппак кар,
Белек болуп берилгендей жаады да.

Бекемдеп мен мамилени түзөмүн,
Башкалардан эми колум үзөмүн.
Бар дитимден берип сага убада,
Бапылдатып жааган сайын күчөдүм.

Дал сендейди арзып жаным самачу,
Даба болдуң жүрөк дартка жарачу.
Ак экенин сезимимдин далилдеп,
Аппак карлар жаап жатат карачы.

Мен акырын назик колуң кармадым,
Мээрим чачсаң ошол болмок жардамың.
Ийиниме башың жөлөп сулуу кыз,
Ишене бер ак сүйүүмө ардагым.

# КИЧИ МЕКЕНИМЕ-КИЧИНЕ ЫР

Мемиреген түнүм менен сырдашам,
Мезгил менен өмүр деген кыр ашам.
Мээриминди сапка кошуп бир күнү,
Мен сен үчүн бир өзгөчө ыр жазам.

Мазмундуурак мааниси зор сөз таппай,
Мен жатамын кыялдардан көз ачпай.
Мекеним сен Талды-Суу- деп жар салып,
Мактап жазып туруу үчүн сөз аздай.

Ар ким жерин ырга салса уятпы?
Андай улуу сезим дилге сыятпы?
Аалам жерге тарагыдай ыр болоор,
Алыкулдун "Ысык-Көлү" сыяктуу.

# ОКУГАНДА ТҮШҮНӨСҮҢ

*(таластын татыналарына тамаша)*

Курган жаным айтпай муну турмакпы,
Кантсе дагы көрсөтөмүн урматты.
Байкашымча Талас жактын кыздары,
Бир органы жок болсо да кымбатпы?

Тийишкенге сөздөр улам табылар,
Тагдыр болсо сезимге да багынар.
Тактап туруп коңшуларды сүйгүлө,
Тилин деги билесиңер баарыңар.

Сулуулар бар купулума толчудай,
Сүйдүрүшүп бир заматта койчудай.
Казактарга куда болуп, акча алып,
Кыргызстан байып алса болчудай.

# ДОСТОРГО

Силер барда бүткүл аалам жаркырап,
Суктандырып күлүп турат чар тарап.
Мээнеттерин акташ үчүн өмүрдө,
Мен да жүрөм достук милдет аркалап.

Кандай бакыт көп жолдоштун болгону,
Катарлашып келген алар олжобу.
Кубанчыма орток болуп жанымда,
Кайгы тарткан күндө мени колдоду.

Чын дилимден арнап жакшы саптарды,
Чындык жибин акын жигит саптады.
Ичим ысып ыраазымын миң ирээт,
Ишеничим алар чындап актады.

Жараткандан амандыкты суранам,
Жолдошторго ушул ырды курагам.
Жаман акын болсом дагы солдойгон,
Жаныңарда жүргөнүмө кубанам.

Достук антка өмүр бою туралам.

* * *

Наристедей алгым келет бөпөлөп,
Назик жансың гүлгө конгон көпөлөк.
Бир ыр сенин көңүлүңдү чөгөрсө,
А бир ырым көңүлүңдү көтөрөт.

* * *

Махабатка берген менин антым бар,
Мезгилдерге катылган көп алтын бар.
Мүнөзүмдү «пока» жалгыз билесиң,
Мага жубай болуу үчүн «шансың» бар.

# "ХБ" КЫМБАТ КӨЙНӨГҮМ

Сендей кызды кимдер гана сүйбөсүн,
Сенден акын көп нерсени үйрөнсүн.
Кадимкидей жашап калдым өзүң деп,
Карегиңден көрдүм сүйүү дүйнөсүн.

Аздыр-көптүр билем жашоо маңызын,
Алмаштырбайм, издебейм да жаңысын.
Убакыттар эмне кылган күндө да,
Узун бойлуу бир мырзанын жанысың.

Көйгөй болуп кетпес бекен мунум да,
Көргөм түркүн андайларды мурун да.
Көңүлүмө төп келишпей, жарашпай,
Көп көйнөктү алмаштыргам чынында.

Сен бар үчүн мен бийикмин, өйдөмүн,
Сездирбейсиң ушул жашоо көйгөйүн.
Жылуу дагы, жумшак дагы ыңгайлуу,
Сен экенсиң ХБ кымбат көйнөгүм.

Бул дүйнөдө жалгыз гана экземпляр,
Сен экенсиң ХБ кымбат көйнөгүм.

* * *

Апакелер айга-күнгө тең эле,
Улуулардын улуулары эң эле.
Бул дүйнөдө жети гана керемет,
Жетимишин каткан дешет энеге.
Жашоо берген, мээрим төккөн адамдан,
Мен билгенден энекебай сен эле.

# АЛЫКУЛДУН АЙДАЙЫ БОЛО КӨРБӨ

Көздөрүңө жалынып көздөрүңө,
Кадам таштап жашоодо өзгөрүүгө.
Күнүмдүк бир кайдагы кайгыларым,
Күндөр өтсө азайып бөксөрүүдө.

Жашоо мага ачты бейм жаңы барак,
Жолдош болуп бир селки жандап барат.
Жараткандын жазмышын өзгөртөм деп,
Жүргөн экем жөн эле жанды сабап.

"Ачкычың"-деп жашоонун сени берди,
Алган жарың, сүйүктүүң болот деди.
Айдай жаным өзүмдү сага бердим,
Ак сүйүүгө жетеле эми мени.

Кучагына өзгөнүн толо көрбө,
Кумарланып сүйүүсүн бөлө көрбө.
Азаптарга башымды салып анан,
Алыкулдун Айдайы боло көрбө.

# БОЛОЧОК ЖУБАЙЫМСЫҢ

Кубанып сыйлаарымсың,
Кадырлап кыйбаарымсың.
Кайгырып турган кезде,
Кучактап ыйлаарымсың.

Сактаган тумарымсың,
Колдогу чырагымсың.
Кырсыктап калсам эгер,
Айттырбай туярымсың.

Тартчу көп убайымсың,
Тандаткан гүл айымсың.
Болжобой айткым келет,
Болочок жубайымсың.

Бактыма жаралган сен,
Болочок жубайымсың.

* * *

Буга окшош өмүр сүрүп көрбөгөм,
Башкалардын махабатын бөлбөгөм.
Маанисиздей сезилүүдө бул аалам,
Мен сүйүүсүз жашай албайт өндөнөм.

* * *

Убакытты кимдер менен коротком,
Ушул дүйнө тузагына кармалбай.
Телефондун "контагына" кирем да,
Телмиремин чалчу киши табалбай.

# АПАКЕҢДИН ОРДУН БАСАТ АПАКЕМ

Жашоо өзү кубанычтуу, кайгылуу,
Жандай көргөн адамдардан айрылуу.
Алсыздыкка жеңдирбегин асылым,
Апакеңдин арты болсун кайрылуу.

Көргүм келбейт ыйлаганың татынам,
Соороттуга кантип анан батынам.
Сени көрсөм өзүм ыйлап ийчүдөй,
Көздөрүңдөн аккан жаштан жашынам.

Кайрат кылгын ар бир башта бир өлүм,
Анан кантем? Чындык билем күйөөрүң.
Атасы жок жаш кезимен мен деле,
Аксап калбай өмүр доорун сүрөмүн.

Жашый бербе мунуң эми себепсиз,
Жашаш керек. Башкаларга керекпиз.
Медер тутчу ата, байке, жеңең бар,
Мезгил өтөт. Жашайбыз да демек биз.

Жаратканым жакшы-жаман теңдечү,
Анык жайың жер астында бил дечү.
Апакеңдин ордун басат апакем,
Сен андыктан өксүп ыйлай бербечи.

Суранамын, анча ыйлай бербечи!

# АПАКЕҢДИН ОРДУН БАСАТ АПАКЕМ

Жашоо өзү кубанычтуу, кайгылуу,
Жандай көргөн адамдардан айрылуу.
Алсыздыкка жеңдирбегин асылым,
Апакеңдин арты болсун кайрылуу.

Көргүм келбейт ыйлаганың татынам,
Сооротууга кантип анан батынам.
Сени көрсөм өзүм ыйлап ийчүдөй,
Көздөрүңдөн аккан жаштан жашынам.

Кайрат кылгын ар бир башта бир өлүм,
Анан кантем? Чындык билем күйөөрүң.
Атасы жок жаш кезимен мен деле,
Аксап калбай өмүр доорун сүрөмүн.

Жашый бербе мунуң эми себепсиз,
Жашаш керек. Башкаларга керекпиз.
Медер тутчу ата, байке, эжең бар,
Мезгил өтөт. Жашайбыз да демек биз.

Жаратканым жакшы-жаман теңдечү,
Анык жайың жер астында бил дечү.
Апакеңдин ордун басат апакем,
Сен андыктан өксүп ыйлай бербечи.

Суранамын, анча ыйлай бербечи!

# ТУН КЫЗЫМА СЕНИН АТЫҢ ЫЙГАРАМ

Мен түшүнбөй сенин айткан оюңа,
Сен түшүнбөй менин кылган ишиме.
Ушул ырды жаздым күнөөм жоюуга,
Урмат көрсөт, кечирим бер кичине.

Экөөбүз тең көк бет неме экенбиз,
Эрегишип мына ушул натыйжа.
Бир-бирибиз кечиришээр бекенбиз,
Берсең болду мамилеме асыл баа.

Жакшы күндөр үчүн сага ырахмат,
Жашырганда эмне дале сүйөмүн.
Айттым эле махабатым кырааттап,
Аны азыр эстегенде күйөмүн.

Мейли кеткин, жолуң шыдыр болсунчу,
Мезгил өтсө мен да бир күн жыйналам.
Тунук сүйүүм көңүлүңө толсунчу,
Тун кызыма сенин атың ыйгарам.

Сени эстеп өмүр бою жүрүүгө,
Тун кызыма сенин атың ыйгарам.

# УЙКУЧУ ЖИГИТ

Бак… тура өткөн күндөр биздеги,
Баг… тымды жүрөк далай издеди.
Кан… ирээт унуткарып койсом да,
Кала… берди махабаттын издери.

Табы… ымактуу тагдырымдын жолдору,
Түбөл… үккө бирге кылып койбоду.
Менд… к болуп калаарсың же… Ким билет,
Жара… ткандын кандай билбейм ойлору.

Баяг… ндай таттуу күндөр элестеп,
Канча… күттүм… Мүмкүн бир күн келет деп,
Кыпы… ндай да кыянаттык кылбагам,
Кудай… ымдан келген мага белек деп.

Мендей болуп а сен күйүп сүйбөдүң,
Жакшы көрүп далай ирээт сүйрөлдүм.
Түштө гана сен мени ки болосуң,
Ошондуктан көп укташты үйрөндүм.

Аз болсо да бир бактылуу болушка,
Көп укташты бул сүйүүдөн үйрөндүм.

* * *

Бакытымды таптым, таптым сүйүнчү!
Бегимайдай сулуу көрдүм бүгүнчү.
Сулуулугу жазды басып өтчүдөй,
Сүйбөй койсо көңүл кургур чөкчүдөй-

деп сүйүнүп досум жатат бөлмөдө,
Дегдеп турам ойлорумду бөлбө э?
Сен сүйүүңдү таап жаның сооротуң,
Мен сүйүүмдү ушул күнү жоготтум.

# НУ, САРЫ КЫЗ ПОГОДИ!

*(тамашалуу ыр)*

Сөзүмдү укпай "повод" да бербей эч эле,
Садагам жаным жолуктум сага кеч неге?
Сүйүүнүн жолун билбей бир жүргөм
карайлап,
Сезимге мени каралдым эми жетеле.

Багытым бузуп башкага барчу жолдордон,
Багынып бердим айылдан эмес борбордон.
Айылчылап келип, сыйыңа күбө болушуп,
Айырмаң деле жок окшойт ушу чоңдордон.

Акындын окшойм эң эле кедей жакыры,
А бирок ушул ызанын болот нак ыры.
Нөлдөн бир баштайм. Сөөмөйдү кесеп
соңунда,
"Ну сары кыз, эх, погоди"- дедим акыры.

# МЕН РОМЕО

Бул сүйүүмдөн нечен мушту жегендеймин,
Өз сүйүүмдөн өзүм коркуп элеңдеймин.
Махабатым албасаң кой Айдай сулуу,
Таш боорлонуп эми сага теңелбеймин.

Көбү үчүн асылысың, кымбатысың,
А мага сен туңгуч сүйүү ыр башысың.
Мейли уруш, мейли жекте, мейли келбе,
Мөгдөөрмүн, бирок такыр сынбасым чын.

Элес калды, белес калды баскан өмүр,
Элеңдетип алга карай шашкан өмүр.
Эсиңден сен, сезимден мен чыгарбаймын,
Экөөбүздүн ашыктыкты каткан өмүр.

Сени эстеп жүрөк күндө эзилет да,
Сенсиз жашоо жоктой эх, сезилет да.
Досторуң бүт атап алган атыбыз бар,
Мен Ромео, а сен болсо Жульетта.

Экинчи бул атыбыз болуп калсын,
Мен Ромео, а сен болсо Жульетта.

## БГУнун ЖАТАКАНАсы

*(жатаканада жашаган жигиттерге арналат)*

Билбейсиң да кызыктарын жашабай,
Биздин үй ал, көрөсүң го таза жай.
Баарыбызды мээримине бөлгөн,
Жатакана болуп калдың ападай.

Жаштык кездин сенде өтүп нечени,
Жашоо кызык. Курбум аны сезели.
Сезимдердин гүлүн ачкан мекенде,
Студент эмес жашабаса өзели.

Ар бир күнүм унутулбайт эсимде,
Ар минута шаңдуу өтөт кезинде.
Жөө жалаңдап, кээси унаа айдашып,
"Күйөө балдар" келет күндө кечинде.

Кызыгышсын, жашабаса кейишсин,
Кандай бакыт экендигин билишсин.
Атаң көрү, бармагыңды тиштей бер,
А биз ошол ичиндебиз бейиштин.

# МАЗМУНУ

Алгы сөз ........................................ 3
22демин........................................ 5
Сүйүүнүн жарчысы акындар ................ 7
Робот кызга ........................................ 8
Атаң кандай бактылуу ........................ 9
Доктур менен акынчылык бир кесип ...... 10
Б.....га ........................................ 11
Кечедеги махабат ................................ 12
Алманын баласымын ............................ 14
Менин кичинекей мамлекетим .............. 15
Ырларымда жалган сөздү айтпаймын ..... 16
Маршруткадагы сулууга........................ 17
Жүрөктө калган миң ысым .................. 18
Чыпалактай бир кызга ........................ 20
Кечир агай, жашоом ырга байланган ..... 21
Сен акыркы эмессиң ............................ 22
Таш жүрөк адамга айландырба .............. 23
Бир тууганым Бакайга.......................... 24
Кайненемдин кызына ............................ 25
Жерге кирсин эркегиндин эмгеги ........... 26
Өпсүн мейли баары тең ........................ 27
Сага арнап ыр жазып бүтө электе......... 29
Эт эмес же чел эмесбиз экөөбүз .............. 30
Узун көйнөкчөн.................................. 31
Айылда сүйүү ушундай ........................ 32
Катып алам жүрөгүмдүн ТҮБҮНӨ ......... 33

Айылыма барганда ................................ 34
Досумдун сүйүктүүсүнө ашык болуп ...... 36
Оорудум ............................................ 37
Аппак кардагы арзуу ............................ 38
Кичи мекениме-кичине ыр ...................... 39
Окуганда түшүнөсүң ................................ 40
Досторго ............................................ 41
Наристедей алгым келет бөпөлөп .......... 42
Махабатка берген менин антым бар ....... 43
"ХБ" кымбат көйнөгүм ............................ 44
Апакелер айга-күнгө тең эле .................. 45
Алыкулдун Айдайы боло көрбө ............. 46
Болочок жубайымсың ............................ 47
Буга окшош өмүр сүрүп көрбөгөм .......... 48
Убакытты кимдер менен коротком ......... 49
Апакеңдиң ордун басат апакем ............... 50
Тун кызыма сенин атың ыйгарам .......... 52
Уйкучу жигит ........................................ 53
Бакытымды таптым, таптым сүйүнчү! .... 54
Ну, Сары кыз погоди! ............................ 55
Мен Ромео ........................................... 56
БГУнун жатаканасы ................................ 57

Өмүрбаев Майрамбек 1993-жылы 2-майда Нарын областынын Ат-Башы районунун Талды-Суу айылында жарык дүйнөгө келген. 2000-жылы Абийбулла Осмоналиев атындагы Талды-Суу орто мектебине кирип, 2011-жылы бүтүргөн. Ушул эле жылы Кусейин Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин Кыргыз филологиясы факультетине тапшырган. Учурда 5-курсунун студенти. "НУРБОРБОР" эл аралык чыгармачыл академиясынын мүчөсү.

*Электрондук дарек: mairambek.1973@mail.ru*

*Майрамбек Өмөр(робот акын)*

*(одноклассники)*

*Байланыш тел.: 0700 01-11-35 (WhatsApp)*

*0773 80-11-35*

*Көркөм-адабий басылма*

МАЙРАМБЕК ӨМҮРБАЕВ

# СЕНДЕН БАШТАЛГАН ӨМҮР

*(Ырлар)*

Редактору: *К. Жакыпова*
Тех.редактору: *Э. Талканов*
Корректору: *Г. Садыралиева*
Калыпка салган *Н. Садырбеков*

Басууга 11.12.2015-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60x84 $^1/_{32}$. Мектеп арибы.
4,0 физ. басма табак. Нускасы 500. Заказ № 122.

«АДЭМ БАСМА» басмасында басылды.